# Апам кайда кетти?



Автор: Элеонора Прояева

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

# Апам кайда кетти?

Автор: Элеонора Прояева
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Апам кайда кетти?» (кыргыз тилинде), автор Элеонора Прояева, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Мунара Абдукахарова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Ишемби күнү күндүзү стол жээгинде палоо жеп отурганбыз. Жүзүм жана өрүк кагы кошулган, абдан даамдуу палоо болуптур. Бизде аны атам жасайт.

Палоо жеп бүткөн соң, апам чай куйду. Ар бирибиздин колубузга түрдүү өлчөмдөгү жана түрдүү гүлү бар эски чыны тийди. Бирок алар менен чай ичүү анча жаккан жок.

Ошондо атам айтып калды:

– А эмне үчүн биз ушул эски чыныдан чай ичип жатабыз? Тиги үкөктө үч түрдүү идиштердин тобу турат го.

– Ооба, анан дагы ал жерде роза түстүү чайнек жана чөйчөктөр турат…

Апа, колуңуздагы чыны абдан эле эски экен. Ал тургай, гүлдөрү да өчүп калыптыр, – деп кошумчалады эжем.

– Ай, койгулачы, бул деле боло берет, – деп мен талашты токтоткум келди.

– Жок. Бар буюмду пайдаланыш керек да, болбосо, алардын эмне кереги бар? – деп каршы болду эжем. Ал менден сегиз жаш улуу, университетте окуйт.



– Эмнеси менен бул чынылар силерге жакпай жатат? Алар азыр деле бүтүн го. А тигин топтомдор – белектер жана алар майрам күндөрү үчүн,– деди апам.

– Кайсы майрамдар үчүн?  Мен, эмнегедир, эстей албай жатам, качан буларга чай куюп   ичтик эле? – деп атам жылмайып койду.

– Эми деле майрам болот, аларды да үкөктөн бир күнү алып чыгабыз, – апам тынчтандырыш үчүн  ушинтип сүйлөдү. Ал мага бир аз капа болуп калгандай көрүндү.

– Эмнегедир, мен анча ишенбей турам, – деп сөзүн улантты атам.

Биз бири-барибизди түшүнүп, карап калдык.





Биз баарыбыз апамдын бир алсыз жагын байкадык. Ал дүкөнгө жакын өтүп баратып, кооз идиштерди албай коё алган эмес да. Ар  бир өткөндө ал жаңы идиштерди сатып ала берген да.

Чайнектер, тамак салгычтар, табактар, чынылар, жаңы жана жалтыраган боюнча конок үйдөгү айнектүү бийик үкөктө катар-катар тизилип турганы турган. Алар ашкананын буюмдары эмес эле, сулуулар конкурсуна катыша тургандай өңдөнөт.

Кантип жана качан бул кооз немелерге чай куюлмак же бышырган жумуртка болсо да качан салмак? Ошондой болуп, бул чөйчөктөр, табактар кол тийбес, өнөр чыгармаларындай болуп көптөн бери турат.

– Ах, силер күмөн санап жатасыңарбы? Силер, эмне, мени бир сараң немедей көрүп отурасыңарбы? – апам чындап капа болуп калды.

Ал пальтосун, тумагын кийди да, сумкасын колуна алып, үйдөн шаша чыгып кетти. Кайда жана эмнеге кеткени туралуу бизге эч нерсе айтпады.

– А эгер, апам биротоло кетип калсачы? – деп мен кайгыра түштү.

– Келгиле, күтө туралы, – деп бизди атам тынчтандырды.

Арадан эки саат, үч саат өттү. Атам телефон чалды, бирок апам жооп бербеди. Биздин бирибизге да жооп бербеди. Мүмкүн апам киного кетип калгандыр?

Балким, автобуска билет алып, Жети-Өгүзгө, ата-энесинин үйүнө кетип калдыбы? Ал жакка жеткиче жети саат жол жүрөт.





Көчө караңгы болуп, шамдар жагыла баштады. Биз чоң энебизге, чоң атабызга, байкебиз менен таежелерибизге телефон чала баштадык.

Бул тууралуу жана апам кайда экенин билбейт экен, баары тынчсыздана башташты. Ал тургай, Чолпон таеже өзүнүн күйөөсү менен биздин үйгө келип калды. Бир саат өткөндө менин эки ата өткөн туугандарым Кубан менен Алик ата-энелери менен келишти.

Бир жагынан, алар менен жолугушканыбызга сүйүнүп калдык, бир жагынан, апам кайда кеткенин биле албай, сары санаага баттык. Биз үйдө сүйгөн оюндарыбызды да ойнобой калдык.

Биз конок үйгө чогулдук: мен, атам, Венера эжем, Кубан жана Алик жана алардын ата-энелери, анан да Чолпон таеже жана күйөөсү.

– Издөөгө берели... – деди атам көңүлсүз.

Ошол кезде саат сегиз жарым эле, тынчтыкты бирөөнүн басканынын дабышы бусуп жиберди.



– Оо, биздин үйдө канча конок?! – апам жүзүнөн нур чачып, кубанычтуу түрдө, бүгүн туулган күнү сымал, конок үйүнүн босогосунда туруптур! Колунда кармаган чоң коробка бар.

– Мына, карма! – деп корбоканы атама сунду.

Туугандардын баары бир добуштан сурап жиберишти:

– Сен кайда жоголуп кеттиң? Биз аябай тынчсызданбадыкпы! Жарым күн бою телефонуңа чалдык, сен бир да жолу жооп берип койбодуң! Ушундай дагы кыласыңбы? Сен, Раиса, тим эле жаш баладайсың!

“Кичинекей баладай” деп, апамдын агасы айтты. Ал апама пальтосун чечкенге жардам берди, ал убакта атам коробканы колуна кармаган боюнча, аны эмне кыларын билбей кармаган боюнча турду.



– Эмне турасың, Нурбек? Ач! Бирок, этиятта! – апам бизден кечирим сурагансып, жылмайып койду.

Атам коробканы ачты эле, алты түрдүү чай сервиси бар экен, ушунчалык кооз жана оюнчуктай! Чөйчөктөрдөгү, тамак салгычтардагы жана чайнектеги сүрөттөр каралжын көк асмандагы жанган жылдыздардай жаркырайт!

– Ван Гог! – деп таң кала карады эжем.

Бул сервис “Жылдыздуу түн” деген атактуу Нидерланд сүрөтчүсү Ван Гогдун сүрөтүнүн стилинде кооздолгон экен, аны кийин эжем түшүндүрүп берди.

Көрсө, бизге таарынып калган апам чачтарачка барып, чачын аялдар стресске кабылганда жасачудай кооздоп жасалгалаптыр. Анан кийин ал чоң соода борборуна барыптыр да, идиш-аяк сатуучу бөлүмдөн кыя өтө албаптыр. Ошентип, мына биздин астыбыздагы сүрөттөй кооз чөйчөктөр жана тамак салгычтарды сатып алыптыр!

– Столду жайнаткыла! Кире бериш бөлмөдө – торт бар! Балдар, апкелгиле биякка! – деди апам.

Сервиз алты кишиге ылайык экен, а биз тогузбуз. Апам өзү шкафка келди да, акырын ачып, ичинен дагы бир сервисти – роза гүлдүү сервисти алып чыкты.

Атам жасаган палоо бир казан болуп дагы деле турган, ошондуктан, баарыбыз каалашыбызча палоодон тоё жедик да, жаңы сервистерге чай куюп ичтик!

Бул чай ичүү эң эле даамдуу жана көрктүү болду. Ар бирибиз “жылдыздуу асманды” жана “роза гүлдөрдү” колубуз менен кармалап көрдүк. Кооз асман нурун чачып, роза жыпарын төгүп, бариктери көздүн жоосун алат. Жылдыздар үй ичине, бүт жер бетине жарыгын чачып, бүт дүйнө эли биздей болуп чогуу, кубанычтуу отургансып сезилип жатты.

Апам биздин баарыбызды, биз ага эч нерсе дебесек да, кезеги менен кучактап чыкты.

Эми биздин үйдүн үстөлүндө дайыма кооз идиш турат – биз дайым биргебизби, демек, бул – майрам! Ар бир күн майрам!



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Элеонора Прояева
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Мунара Абдукахарова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли